УДК: 821.512.154
DOI: 10.35254/bhu.2021.54.13

Бакытбек Болгомбаев
магистрант, БМУ
tyratdekovich@gmail.com

КАЛЫБЕК БАЙЖИГИТОВДУН АЛГАЧКЫ СЫНЧЫЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

ПЕРВАЯ КРИТИЧЕСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ КАЛЫБЕКА БАЙЖИГИТОВА

K. BAIZHIGITOV'S FIRST CRITICAL WORK

Аннотация: *Макалада К.Байжигитовдун алгачкы адабий-сын пикирлерине таянып, сынчылык ишмердүүлүгүнүн башталышы, ага себеп болгон объективдүү жана субъективдүү жагдайлар каралат. Негизги проблема катары адабиятчынын адабий сынга келиши, бул багыттагы ишмердүүлүгүнүн пайда болушу менен автордун жеке чыгармачылыгына тикелей таасирин тийгизген адабий процесстин ролу кепке тартылат. Анын алгачкы сындарында орун алган автордук ойдун жаралышы, өздүк пикирден маданий-эстетикалык жана социалдык-инсандык көз карашка өсүп чыгуу себептери да талдоодон өтөт. Анда адабиятчынын сынчылык ишмердүүлүгүнүн калыптануусу көркөм-адабий процесстеги жалпы кызыкчылыктар менен айкалышып, ал мезгилде жүрүп жаткан тенденциялардын кучагында болгону да белгиленет. Анын жаш сынчынын көз карашын калыптандырууда ойногон ролу К.Байжигитовдун алгачкы сындарына баа берүү менен жүргүзүлөт.*

Түйүндүү сөздөр: *адабий сын, адабий процесс, сынчылык өнөр, сын ишмердүүлүгү, илимий-теориялык ойлор, сынчыл анализ, сындын жанрлары, рецензия, обзор, макала, теориялык макала, полемикалык ойлор, ж. б.*

Аннотация: *Основываясь на первоначальной литературной критике К. Байжигитова статья рассматривает начало деятельности критика, объективные и субъективные факторы, которые к ней привели. Роль литературного процесса, оказывающего непосредственное влияние на личное творчество автора с его приходом в критическую деаятельность и началом его работ в этой сфере, рассматривается как основная проблема. Также анализируются истоки мысли автора в его ранних критических работах, и причины его перехода от личного мнения к культурно-эстетической и социально-личностной точке зрения. Отмечается, что формирование критической деятельности литератора сочеталось с общими интересами литературного процесса и тенденциями тех времен. Его роль в формировании взглядов молодого критика осуществляется оцениванием первоначальных критик К. Байжигитова.*

Ключевые слова: *литературная критика, литературный процесс, навыки критика, деятельность критика, научно-теоретические идеи, критический анализ, жанры критики, рецензия, обзор, статья, теоретическая статья, полемические идеи и.др.*

Annotation: *Based on the initial literary criticism of K. Baizhigitov, the article examines the beginning of the critic's activity, the objective and subjective factors that led to it. The role of the literary process, which has a direct impact on the personal creativity of the author with his arrival in critical activity and the beginning of his work in this area, is considered as the main problem. It also analyzes the origins of the author's thought in his early critical works, and*

the reasons for his transition from personal opinion to cultural-aesthetic and social-personal point of view. It is noted that the formation of the critical activity of a writer was combined with the general interests of the literary process and the tendencies of those times. Its role in shaping the views of the young critic is carried out by evaluating the initial criticisms of K. Baizhigitov.

Key words: *literary criticism, literary process, critical skills, critic activity, scientific and theoretical ideas, critical analysis, genres of criticism, review, article, theoretical article, polemic ideas, etc.*

XX кылымдын 70-жылдары кыргыз адабий сыны жаңы чыгармачыл күчтөр менен толукталды. Алардын арасында Калыбек Байжигитов да бар. Ушул жылдардагы адабий сын, адабий процесс жана адабият таануу илиминин айрым маселелери жөнүндө ар кандай талкуу жумуштары мезгилдүү басма сөз каражаттарында жүрүп, ага филологиялык билими жогору, эстетикалык табити жетилген жоон топ чыгармачыл жаштар өз ой-пикирлерин айтып чыгышкан болсо, К.Байжигитов андай шартта өзүнүн активдүүлүгүн көрсөткөндөрдүн катарында турган. Ырас, анын мындай активдүүлүгүнө ошол мезгилде түзүлгөн объективдүү жана субъективдүү шарттар маанилүү роль ойногону талашсыз. Маселен, ошол жылдарда кыргыз адабий сынынын алдыңкы сапка чыгышына маанилүү роль ойногон объективдүү жагдайларга токтолсок, филологиялык билим алып жаткан жаштардын социалдык чөйрөдө активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жагымдуу шарттар түзүлүп, түрдүү жагдайда уюштурулган жыйындарда, чыгармачыл жолугушууларда, радио уктуруу менен теле берүүлөрдө, андан тышкары республикалык, областтык жана райондук мезгилдүү басма сөз каражаттарында тигил же бул чыгарма боюнча өздөрүнүн жеке пикирин жарыялоого мүмкүндүк берилген. Тактап айтканда, көркөм-адабий чыгармачылык менен байланышкан бардык мекеме-уюмдардын иш планында чыгармачыл жаштарды колдоого атайын иш-чаралар белгиленип, анын натыйжасында илимий-теориялык ой жүгүртүүсү жетик, көркөм-эстетикалык табити жогору, оозеки жана жазуу тексттери аркылуу өз оюн так, ынанымдуу жеткире алган жаштардын пикирлерин коомчулукка жеткирүү жумушу колго алынган. Маселенин экинчи жагы, жарык көргөн жаңы чыгармаларга карата айткан жаштардын адабий-сын пикирлерин жарыялоого гезит-журналдар тарабынан жакшы көңүл бурулгандыктан, адис адабиятчы окумуштуулар эле эмес, жогорку окуу жайларынын студенттери да өз көз караштарын билдирип, адабий процесстеги абалга жана адабий коомчулукта көтөрүлгөн түрдүү талкууларга активдүү катышып турушкан. Эгер ушул жылдары адабий сын Батыш жана орус адабий сыны аркылуу калыптанган жанрдык табиятын толук өздөштүрүүгө бет алган болсо, андай жанрлардын ички сырларын кабылдоо, аларда өз күчүн сынап көрүү жаштар арасында да жогорку деңгээлде болуп турганы белгилүү. Кыргыз адабий сынына студент кезинен аралаша баштаган К. Байжигитов да адабий сындын ийкемдүү жанрларынын бири рецензия жазууга бел байлап, У. Мамбеталиевдин «Жол ырлары» аттуу поэтикалык жыйнагы боюнча айрым байкоолорун «Кыргызстан маданияты» [1] жумалыгына жарыялайт.

Бул жөнүндө кийин адабиятчы А. Кадырмамбетова төмөнкүдөй пикирин билдирет: «К.Байжигитовдун илимий жана сынчылык өңдүү татаал ишмердүүлүктүн түрүнө көңүлү тартып, ага чындап ынтазарланышы анын азыр улуттук деп аталган университеттин филология факультетинде билим алып жүргөн чагында эле ойгонуп, алгачкы окурмандык рецензиялары менен макаларын республикалык газета-журналдардын беттеринде жарыялай баштаган. Албетте, мындай көрүнүштө эч кандай кокустук жок. Анткени ошол таптагы совет коомунда чыгармачыл жаш күчтөр менен иш алып барууну күчөтүү, адабий-көркөм сынды активдештирүү, жаштарга идеялык-теориялык жана практикалык жактан камкордук кылуу саясатынын шарапаты бир жагынан тийсе, экинчи жагынан анын ошол эле өзү окуган жайдагы чыгармачыл жаш таланттардын башын бириктирген «Жаш толкундар», В.И.Ленин атындагы заводдун маданият үйүндөгү «Тоо жылдызы», «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын алдындагы «Жаш сынчы» аттуу ийримдин ишине жигердүү катышуусу анын чыгармачылыкка, айрыкча сын өнөрүнө чечкиндүүлүк менен аралашуусуна тикеден-тике түрткү берди» [2]. Демек, К. Байжигитов сынчылык ишмердүүлүгүн студент кезинде эле баштаса да, анын адабий-эстетикалык көз карашынын жетилишине өзү жашаган чөйрөнүн таасири чоң болгонун А.Кадырмамбетова ынанымдуу далилдейт. Алгач мезгилдүү басма сөзгө кеңири аралашкан рецензия жанрында айрым бир ой-пикирлерин жаза баштаса да, ал ошол мезгилде адабий сын, ал тургай адабият таануу илими талап кылган чыныгы көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдү өзү талдоого алган чыгармалардан издеп, негизги басымды ушул тарапка жасаганы менен айырмаланган. Анын адабий сынга болгон мамилеси зор жоопкерчиликке негизделип, кыргыз элинин адабий чыгармачылыкка болгон массалык кызыгуусунан улам жаралган халтураны адабий процесстен четтетүү максатында болуп, өзгөчө анын чыгармачылыкка жаңыдан кирише

баштаганын дал ошол жылдары жарыкка чыккан «майда рецензиялары» ырастайт.

Жыл өткөн сайын кыргыз адабиятына жаңы ысымдар кошулуп, алар менен бирге улуттук адабий баалуулуктар жаңы көркөм бийиктиктерди багындырып, алар өзүнө таандык көркөм-эстетикалык табылгаларды улуттук дөөлөт катары калыптандыра баштаган болсо, аларга аралаш күнүмдүк «актуалдуу маселелерди» чагылдырган чыгармалардын кескин көбөйүшүнө каршы пикирин билдирген К. Байжигитов мына ушундай багытты сындоого бурган. Жаш сынчынын адабий-сынчыл ой жүгүртүүсү өзүнө чейин кыргыз адабий сынында иштелип чыккан көркөм-эстетикалык жана илимий-теориялык концептуалдуу көз караштарды жетекчиликке алган даяр ой жорумга таянган болсо да, ага келтирген мисалдары ынанымдуу, жасаган анализдери логикалуу келип, өзгөчө филологиялык билими жогору жаштардын бул багытта кетирген катачылыктарына койгон дооматы туура болгондуктан, окурмандар арасында К.Байжигитовдун кадырын жогорулаткан. Чыгармачыл жаштар тарабынан сынчылык ой-пикирлерине жылуу сезимдин болушу К. Байжигитовдун шык-жөндөмүнө өбөлгө түзүп, ал окуп жүргөн кезинде бир катар адабий-сын чыгармаларын жарыялоого жетишкен.

Жаш сынчынын дүйнө таанымында көркөм чыгармачылык дайыма автордун индивидуалдуу дүйнө кабылдоосунан өтүп, кандай жанрда жазылбасын жеке баам-туюмун чагылдырууга жетишкен формага айланууcу керектигине басым жасалган. Ал эми жалпыга белгилүү ойлорду эл арасына кеңири тараган формада берген жаш калемгерлерге К. Байжигитов адабий сынчы катары келишкис позицияны ээлейт. Адабий чыгармачылыкка карата мындай мамиле ошол жылдары бир гана К. Байжигитовго таандык болбосо да, ар бир жаңы жазылган чыгармадан автордун талбаган эмгегин, өз алдынча ой жүгүртө билүүдөгү чеберчилигин, көркөм элестүү касиеттерди түзүүдөгү изденүүлөрүн, сөз каражаттарын пайдаланууда образдуулукту түзүү мүмкүнчүлүгүн, анын негизинде акындын же жазуучунун өздүк стилдик белгилерин табууга аракеттенген түйшүгү бир катар авторлордун чыгармаларын жеткире сындоого жол ачкан. Маселен, алгачкы сындарынын бири «Тапталган ыкмалар, таасирсиз ырларына» [3] токтолсок, авторго илимий-теориялык ой жүгүртүүнүн профессионалдык деңгээли жетишсиз болуп турса да, замандын талабына жараша жаңы муундун адабияты көркөм-эстетикалык жактан мурда адабий процессте өз ордун таап калган адабий туундулардан айырманып, ар бир автордун жеке изденүүсү аркылуу дагы бир баскычка көтөрүлүүсү зарыл экенин туура белгиленин байкоого болот.

Ал мезгилдеги коомдук түзүлүш, адабий чыгармачылыкка болгон партиялык көзөмөл көркөм ой жүгүртүүнү дайыма чектеп турганын илимий-профессионалдык деңгээли жогору, эстетикалык табити жетилген адистер өз учурунда жакшы түшүнүп турганы менен ошол эле чыгармачылыкка саясий-идеологиялык өңүттөн караган калемгерлер «берилген тапшырманы» кынтыксыз аткаруу аракетин көргөндүктөн, бөтөнчө жаштар арасында шаблондуу ой жорумга негизделип, саясатка жакын турган чыгармаларды байма-бай чыгарышы поэзия менен прозада өтө көп халтураны пайда кылган болсо, адабий сын кези келген жерде андай чыгармалардын сазайын берип турган маалда К.Байжигитовдун жогоруда аталган макаласы айрым кемчилдиктерине карабастан жылуу кабыл алынган. Ырас, адабиятчынын бул чыгармасында ошол жылдар үчүн маанилүү болгон адабий-эстетикалык багыттагы изденүүлөргө байланышкан проблемалар кепке тартылып, адабият таануу илими үчүн кызмат кылууга өз таасирин тийгизүүчү илимий-теориялык түшүнүктөрдүн кадыресе чыгармада орун алышы, мурда бул багытта эмгектенген сүрөткердин дүйнө кабылдоосунан айырмаланган өзгөчөлүгү сыяктуу талаш маселелерге токтолбогону менен даяр ыкмаларга басым жасоо лирикалык чыгарманын ички кудуретине доо келтирип, аны менен жакындан таанышкан окурмандын менталдык табиятына эч кандай таасир албастыгын түрдүү мисалдар аркылуу деталдаштырып түшүндүрүүгө жетишкен. Мунун өзү сүрөткерлик чеберчиликти аныктоодо маанилүү орунда турган автордук индивидуалдуу ой жүгүртүүгө артыкчылык берүү менен чыгарманын формасы ага дал келүүсү жөнүндөгү ойду тереңдетет. Сынчынын пикири боюнча ырдын уйкаштыгы, даяр сөз курулмаларын пайдалануусу, элге кеңири тараган ойлорду кайталап айтуу менен чектелүүсү лирикалык чыгарманын таасирдүүлүгүн жоготуп, автор айтууга зарыл деп тапкан идеяны көркөм образдуулукта жеткирүүгө мүнөздүү индивидуалдуу табиятына доо келтирет. Азыр адабият таануу илиминдеги илимий-теориялык ойлор менен тааныштыгы бар, адабий сындын аткара турган милдетинен кабардар адамга К. Байжигитовдун мындай көз карашы анчалык таасирдүү болбосо да, ал мындай пикирин жогорку окуу жайын бүтүп-бүтпөй жатып жарыялаганы эске алсак, анын сынчылык ишмердүүлүгү башкаларга салыштырмалуу эрте башталганын жана алгачкы сын чыгармаларында эле жеке көз карашын ошол мезгилдеги адабий процессте жүрүп жаткан илимий ой жүгүртүүгө мүнөздүү тенденциялардын чегинде алып жүргөнүн көрөбүз.

Андай көрүнүш анын ушул эле чыгармасына мүнөздүү эмес. Мисалы, «Алгачкы кадам, бирок кандай?» [4] жана «Замандаш ушундайбы?» [5] аттуу макалаларында дал ошол өңүттөн талдоо объектисине мамиле кылганын байкайбыз. Анализ

берүүдө сынчы өзүн токтоо кармоого аракеттенгени менен адабий чыгармаларда кездешкен схематизмге, калыптанган көркөм ой жүгүртүүдөн чыга албаган шаблондуулукка катуу жинденет. Байжигитовдун эмоциясы адабий-теориялык мазмунда туура болгону менен аталган макалаларда объективдүү шартта өнүккөн аналитикалык ой жүгүртүү жетишсиз экени даана сезилет. Тактап айтканда, андай чыгармаларды жазган авторлор мындай одоно каталарды атайын кетирбестиги белгилүү десек, сынчы өз ишмердүүлүгүндө ошол сыяктуу кемчилдиктердин кетүүсүнө себеп болгон адабий процесстеги абалды, кырдаалдын түзүлүшүнө маанилүү роль ойногон объективдүү жагдайларды, анын кесепетинен адабий чыгармачылыкта пайда болуучу көрүнүштөрдү ачуу, окурманга аны өз мезгилинде жеткирүү зарылдыгын эсепке албайт. Сынчы тарабынан келтирилген факты-материалдардын туура экендиги талашсыз, бирок алгачкы чыгармасын окурман журтка сунуштап жаткан жаш калемгер профессионалдык адабият үчүн жеке дүйнө кабылдоо маанилүү болоорун сезбегендиги, ар бир жаңы жазылган чыгарма мазмундук жактан кандай кайталангыс мүнөзгө ээ болсо, формалык жактан да, стилдик жактан да, дал ошондой өздүк табиятын окурманга сунуштоого милдеттүүлүгүн түшүнбөгөндүгү ушул сыяктуу кырдаалга алып келгенин авторго доомат катарында эмес, чыгармачылыгын жаңы баштаган жаштар арасында дайыма боло берүүчү тенденциялардын бири катары ачып көрсөтсө, жогоруда аталган макалалардын илимий-теориялык мазмуну өтө терең болмок.

Жыл өткөн сайын К. Байжигитовдун сынчылык ишмердүүлүгү ар тараптуу кеңейе баштаган. Маселен, «Аңгеме жанры жөнүндө айрым ойлор» [6] аттуу обзордук макаласында бир нече аңгемелерди салыштырып, алардын жанрдык табияты илимий-теориялык жактан аталган жанрга коюлган талаптарга канчалык жооп бере турганына карата бир нече багытта баасын берүүгө аракеттенет. Обзор көздөгөн максат өтө кеңири алынганы менен сынчы аны талап кылынган деңгээлде ача алган эмес. Себебин караштырганда, К. Байжигитов аңгеме жанрына карата коюлган талаптарды тар түшүнүктөр менен чектеп алгандыктан, талдоого алынып жаткан чыгармалардагы сюжеттик-композициялык, жанрдык-стилдик жана көркөм образ түзүү багытында аракеттенген жаш калемгерлердин жеке изденүүлөрү сынчы «аныктаган» архитехтоникалык түшүнүктөрдүн чегинде кеп болуп, ал эми подтексте берүүгө умтулган айрым маанилер өз баасын албай калган. Анткени обзордук анализде жалпы маселелер ошондой эле жалпы талдоолор менен берилгендиктен, автордук жеке философиялык туюмга айландыруу, анын негизинде турмуштук кырдаалды ачып көрсөтүүгө умтулган кээ бир эпизоддор көз жазымда калып, көркөм элестүү ойдун окуялар же көрүнүштөр аркылуу деталдаштыруусу көздөгөн идеялык белгилерин ача албай калган. Бул жерде сынчы тарабынан дайыма берилип туруучу «эмне үчүн?» деген суроонун жетишсиздиги, ошол суроонун тегерегинде ар кыл жагдайда логикалык ой жүгүртүү менен ачылып бериле турган маселелер талдоо учурунда көз жаздымда калганы байкалат.

К.Байжигитов сынчылык ишмердүүлүгүндө дайыма изденүүдө болгон. Аны А. Стамовдун адабий коомчулукта өтө кызыгууну жараткан «Чүй баяны» повестине арналган «Адамдын ички дүйнөсүн көздөп» [7] аттуу рецензиясынан даана көрөбүз. Бул чыгарма жарык көрөөр замат окурмандар арасында өзгөчө кызыгууну туудуруп, ага ар кыл маанайда пикир айтылса, алардын бири К.Байжигитовдун жогоруда аталган рецензиясы болуп саналат. Сынчы бул чыгармасында повестин окурмандар арасында кадырбарк күтүшүнүн себептерин жазуучунун образ түзүү чеберчилиги менен байланыштырат. Бул туура, анткени ошол мезгилдеги жаштар өзүнүн замандашын адабий чыгармалардан көргүсү келип турган маалда жаралган Дыйканбектин образы турмуштук реалдуулуктун чегинде, татаал адамдык мамилелердин арасында, көп кырдуу психологиялык касиет-мүнөздөр аркылуу ишенимдүү ачылса, сынчы аны ынанымдуу деталдар менен түшүндүрүүгө жетишкен.

Жыйынтыктап айтканда, К.Байжигитовдун алгачкы сынчылык ишмердүүлүгү ошол мезгилдеги адабий процесстеги коомдук-социалдык талаптардан келип чыкканын көрүүгө болот. Ырас, ал учурда мындай шарт филологиялык билимге ээ болгон бардык жаштар үчүн түзүлсө да, аны өзүнүн жеке чыгармачыл шыгы барлар гана адабий коомчулук тарабынан түзүлгөн кырдаалды туура пайдаланып сынчылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүп кеткен десек, андай мүмкүнчүлүктү К.Байжигитов туура жана чыгармачыл изденүү менен колдонгону байкалат.

Адабияттар

1. Байжигитов К. Жол ырлары жөнүндө. // Кыргызстан маданияты, 1973, 7-июнь.

2. Кадырмамбетова А. Байжигитов Калыбек. – Китепте: Кыргыз адабият таануу илими жана сыны. 2-том. – Б., 2005, 607 – 608-беттер.

3. Байжигитов К. Тапталган ыкмалар, таасирсиз ырлар. // Кыргызстан маданияты, 1975, 25-сентябрь.

4. Байжигитов К. Алгачкы кадам, бирок кандай? // Ленинчил жаш, 1978, 16-ноябрь.

5. Байжигитов К. Замандаш ушундайбы? // Кыргызстан маданияты, 1980, 26-июнь.

6. Байжигитов К. Аңгеме жөнүндө айрым ойлор. – Китепте: Мезгил канатында. Ф.: Мектеп, 1979.

7. Байжигитов К. Адамдын ички дүйнөсүн көздөп. // Кыргызстан маданияты, 1976, 5-август.

Рецензент: п. и. д. Б. М. Акматов